*УДК: 300.372/1*

**Аматова Г.У., к.филос.н., доцент,**
**Т.А. Базаркулова, окутуучу, ОшМУ**

**Кетбуканын дүйнө таанымынын өзгөчөлүгү**

*Илимий макалада Кетбуканын дүйнө таанымынын өзгөчөлүгү жөнүндө баяндалат. Анын дүйнө түшүнүүсү тарыхый шарттардын негизинде пайда болуп,жаратылыш кубулуштары, адам табияты жөнүндөгү реалисттик ой-пикирлери жана баамдоосу байкоо, салыштыруунун негизинде калыптанып, курч көркөм-образдуу формада чагылдырылгандыгында болуп эсептелет.*

***Ачкыч сөздөр*:***макрокосмос, микрокосмос, дүйнө тааным, социомаданий, көчмөн, легенда.*

*В этой статье говорится об особенности миропонимания кыргызского мыслителя Кетбуки. Его миропонимание формируется на основе исторических событий, реалистического восприятия человеческой натуры, явлений природы в виде наблюдения и сравнения, которые изображаются в острых художественно-образных формах.*

***Ключевые слова:*** *макрокосмос, микрокосмос, миропонимание, социокультурный, кочевой, легенда.*

Ата-бабаларыбыздан бери наркталган, муундан-муунга берилип, сакталган элдик салттарды, мурастарды үйрөнгөн, өзүнүн учкул кыялынан жаралган асыл ойлорун ортого салып, адам акыл-эс парасатын арттырууга белгилүү үлүшүн кошкон, ысымы легендага айланган акылман ойчулдарыбыздын бири Кетбука болгон. Ал – табигый чөйрөдө, социомаданий турмушта көзү менен көргөнүн кылдат-сезимтал баамдап, байкаганын ыргактуу, сырдуу, көп маанилүү ыр менен угуучуга баяндап жеткизген, акылмандык, комузчулук жана акындык өнөрү бирдей, шайкеш өөрчүгөн ойчул. Алсак, илгертен келаткан уламыштарга караганда, өткөн жоокерчилик заманда Чынгызхан (Айхан) жашап, анын Жуучу (Жолчухан) аттуу жалгыз баласы болот. Ал жанына кырк жигит алып ууга барган жеринен аны жолборс жарып өлтүрөт. Жолчухандын каза болгонун хандын каарынан коркуп, эч ким даап айталбай коет. Ошондо калктын өтүнүчү боюнча Кетбука чертмектин күүсү аркылуу (сөзүн кошкон деген да версия бар) кайгылуу жоготууну угузган экен дешет:

Деңиз толкуп чайпалып,
Көл бөксөрдү, Айганым.
Терек түптөн жулунуп,
Жер бөксөрдү, Айганым.
Алтын боолуу ак шумкар,
Алтын боосун тытыптыр,
Айды карап сызыптыр.
Күмүш боолуу ак шумкар,
Күмүш боосун тытыптыр,
Күндү карап сызыптыр.

Ал эмне болуучу?

Асмандан ак ала булут сөгүлөт,
Аяктап мөндүр төгүлөт.
Көктөн көк ала булут сөгүлөт,
Көнөктөп мөндүр төгүлөт,
Бул эмне шумдугу [3]?

Кетбука өтө чебер психолог, кайраттуу инсан катары Чынгызханга суроо-табышмак иретинде кайрылып, табият кубулуштарын көркөм сүрөттөө аркылуу Жуучуну шумкарга, тулпарга, булбулга жана Күндүн нуруна салыштырып, анын өлүмүн шумкардын Айды, Күндү карай учуп кеткенине, байлоодон бошонгон тулпар аркылуу

билдирет. Ошону менен бирге даанышман ырчы мындай жоготууну деңиз толкуса, көл бөксөрөөрүнө, ал эми терек тамырынан жулунса, жер бөксөрөөрүнө алып келиши менен салыштырат.

Мындай жагдайда Кетбуканын дүйнө таанымынын өзгөчөлүгү анын жаратылыш кубулуштары, адам табияты жөнүндөгү реалисттик ой-пикирлери жана баамдоосу, байкоо, салыштыруунун негизинде калыптанып, курч көркөм-образдуу формада чагылдырылгандыгында болуп эсептелет. Ойчул өзүнүн түшүнүмдөрүн табигый чөйрөдө, жашоодо болгон окуя-кубулуштарды, адамдардын ортосундагы мамилелерди поэтикалык баяндоо менен туюнткан, б.а., анын ой-чабыты космостук (ааламдык-жаратылыштык) көрүнүштөрдү жана коомдук турмушту туура таанып билүүгө атуулду багыттаган көз караштык мазмунга бай. Демек, Кетбука терең акылы, өнөрү менен көпчүлүк элдин ой-санаасын, рух-дөөлөтүн жеткиликтүү деңгээлде туюнта билип, табияттын купуя кубулуштарында, күндөлүк турмушта кездешүүчү татаал, «кыяматтын кыл көпүрөсүнөн өтөрдө» жеңиштүү болууга үндөгөн.

Кетбуканын чыгармачылыгынын калыптанышы, өсүп-өнүгүшү, көчмөн, жоокерчилик замандын каардуу мезгилине – Чынгызхандын тушуна шайкеш келгендиги жана ошол учурдун тарыхый-социалдык окуялары менен жандуу аралашып тургандыгы менен өзгөчөлөнөт. Чынгызхандын тушунда миңдеген-сандаган жана “мен-мен деген” көп ырчылар, даанышмандар жашагандыгына эч кимдин күмөнү жок, бирок алардын бардыгынын эле чыгармачылыгы эл оозунан түшпөй айтылып, Бука ырчыдай уламыш-легендага айлана албагандыгын белгилөөгө болот. Көчмөндөр цивилизациясынын мейкиндик-мезгилдик тутумунда, жоокерчилик доордо, эрдиги, кайраты болуп көрбөгөндөй салыштырмалуу чексиз, көптөгөн согуштук окуялардын башында турган Чынгызхандын баласынын өлүмүн угузуп, башына кылыч жалаңдап ойноп турса да, Бука ырчынын ар-намыстуулугу, кайраттуулугу таң калтырат. Анын «коргошундай» коюлушкан сөздөрү гана эмес, жан дүйнөнү, бүтүндөй атуулдук рухту, адеп-ахлакты бүлүккө түшүргөн, аны коштогон черткен муңдуу күүсү Чынгызханды да ийилтет, ал согуш майданында жеңилбегени менен, орошон ырчынын алдында бөксөрүп, «майтарылып» басынып жер карап турат .

Бука ырчы өтө акылдуулук менен өзүнүн поэтикалык дүйнөсүндө көркөм, мол сөз каражаттарын колдонуп, комуздун кайгылуу ыргагы менен оор кайгыны угузуунун каймана формасын өтө эпчил пайдалангандыгы көрүнөт. Ыр түрмөгү чакан болгонуна карабастан, анын мазмунунда философиялык-этикалык ойлор терең камтылган. Биринчиден, анда Чынгызхандын, Жуучунун көркөм келбеттери, атуулдук табияты табышмактуу боектор менен рухий-нравалык духта элестүү чагылдырылат. Экинчиден, ойчул Чынгызхандан жашыруун, купуя ички сырынын көмүскөдө камтылган социомаданий ориентациясынын жообун билгенсип, ага күнөө койгонсуп, суроо-чакырык жаадырып турат. Үчүнчүдөн, «баш кесмек бар, тил кесмек жок» дегендей, Кетбукада капилеттен өлүмгө дуушар болгон Жуучуну аео, атуулдук болмушун жоктоо сезими болсо, каардуу Чынгызханга тике карап, өлүмдөн баш тартпас эрдик, кайраттуулугун көрсөтүп турат.Төртүнчүдөн, өзүнүн жеке социалдык кызыкчылыгы үчүн уулун өлүмгө кыйган Чынгызханды таза абийир, адеп-ахлак менен сөзгө сындырып отурат[2].

Демек, уламыштарда туюнтулган бири суук кабар угузуп, экинчиси ага жооп кылуусу жөнүндө окуяны камтыган Кетбуканын рух дарамети фольклордук баалуулук гана эмес, тарыхтын жана тагдырдын татаал, кайчылаш рухтук, рух эместик көрүнүштөрдүн тогошуусу, өзгөчө Чынгызхандын нравалык дүйнөсүнө бүлүк түшүүсүнүн көрүнүшү болуп саналат. Кетбуканын даанышмандык, чеберчилик менен баласын угузганда, Чынгызхандын да жоопторунун салмактуулугун, көркөмдүүлүгүн белгилеп коюу абзел:

Алтын болуу ак шумкар,
Алтын боосун тыткани,
Айды карап сызганы,

Ал кулунум ботом болгону.
Күмүш боолуу көк шумкар,
Күмүш боосун тытканы,
Күндү карап сызганы,
Бул кулунум, ботом болгону.
Кулунтук мүйүз көк бука,
Туу түбүндө өкүрсө,
Ал атасы болгону.
Алчагай мүйүз ак эркеч,
Айды карап бакырса,
Ал энеси болгону.
Асмандан булут сөгүлсө,
Аяктап мөндүр төгүлсө,
Көк ала булут сөгүлсө,
Көнөктөп мөндүр төгүлсө,
Көзүмдүн жашы болгону[4].

Чынгызхан өмүрүндө көзүнө жаш албаган, анын жан дүйнөсү ырда «ыйлап» жатпайбы! Балким, ал өзүнүн эл, коом, келечек алдындагы адамдык актануусудур?! Чынгызхан эмне үчүн өз убадасында туруп Бука ырчынын оозуна коргошун куйган жок?! Ырчыны аядыбы, ага боору оорудубу?! Адилеттик өкүм сүрүп, ырчы тирүү калдыбы?! Кашкайган чындыкты моюндоого Чынгызхандын кудурети жеттиби? Курч, акылман сөздүн наркы, кептин касиети аны ынандырдыбы?! Дегеле, Бука ырчынын акылгөй касиетинин күчтүүлүгү катаал, дүйнө жүзүн багындырууга аракет жасаган Чынгызхандын өзүн солкулдатып, рух, адеп-ахлак дүйнөсүн козгоп, жүрөгүн сууруп алгандай абалда сүрөттөгөнүндө экендиги талашсыз. Мындай жагдай ойчулдун дүйнө, адам таануучулук бийик дараметин, орошон терең адептик абройун көрсөтүп турат.

Кетбуканын «Сак болгун» аттуу чыгармасы XIII кылымда жазылганына карабастан, азыркы абалды алдын-ала чагылта, көрө билгендиги төмөнкү ыр саптарынан ачык байкалат:

Көгүш тоону кыян жууп,
Көрк бузулат, сак болгун.
Көсөмдөрү элди алдап,
Көч бузулат, сак болгун.
Өзөгүнө өрт таштап,
Өз бузулат, сак болгун.
Сөөлөтүнөн ажырап,
Сөз бузулат, сак болгун.
Салкын тоону кыян жууп,
Салт бузулат, сак болгун.
Намыс түгөп, ар түгөп,
Нарк бузулат, сак болгун.
Кубат күчүн соодалап,
Пул болосуң, сак болгун.
Кудуретүү элдерге,
Кул болосуң, сак болгун[3].

Жалпысынан алганда, Кетбуканын поэтикалык дүйнөсүндө адеп-ахлактык проблемалар, философиялык терендик гана эмес, катаал тарыхтын өзү, анын маданий-нравалык жагдайы чагылдырылгандыгын байкоого болот. Кетбука жөнүндөгү окуяда кыргыз элинин көчмөн турмушунун карама-каршылыктуу мезгили учкайынан, «көз ирмемде» туюнтулуп, анын негизги каарманы карапайым элдин өкүлү жана чыгаан уулу социалдык-маданий, рухий-нравалык дөөлөттөрдү алып жүрүүчү катары баяндалган. Демек, анын ысымынын уламышка айланып кетишинин түпкү мааниси да мына ушунда.

Кетбукага окшогон даанышмандар акылы менен да, өнөрү менен да көпчүлүк элдин дүйнө түшүнүүсүн, ой-санаасын, аң-сезимин, мүдөө-талабын жеткиликтүү деңгээлде туюнтуу аркылуу күндөлүк турмушта кездешүүчү татаал «кыяматтын кыл көпүрөсүнөн» өтөөрдө жеңиштүү чыгышкан. Калайык-калк мындай инсандарга сыймыктанышып, алардын ысымын кылымдар бою сактай билишкен.

## Адабияттар


1. Байбосунов А.А. Донаучные представления кыргызов о природе и обществе. – Б., 2009. – С. 211.
2. Жумагулов М., Аматова Г. Легендарлуу ойчулдардын дүйнө таанымы. – Б., 2011. – 75б.
3. Кыргыз поэзиясынын антологиясы.. 1-т. – Б., Кыргызстан-Сорос фондусу, 1999. – 500-502б.
4. Легендарлуу ырчылар жана сынчылар. – Б., 1994. – 12б.



**OSHGU AMATOVA G.U., Bazarkulova T.A. 2015-4, docent, teacher,**
gulzatamatova@gmail.com


## The specifics of Ketbuka's worldview


*This article is devoted to the specifics of Kyrgyz philosopher Ketbuka's worldview. His understanding of the world is based on observing and perception historical events, human nature and natural phenomenon. These observations are reflected in his works full of vivid images.*



***Key words:****macrocosm, microcosm, understanding of the world, social culture, nomadic, legend.*